**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС
ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР
КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ**

**« 16 » - февраль 2026-жыл**

**X чакырылыш
кезектеги XXIII сессия**

**ТОКТОМ** **№10** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги жер тилкесин өткөрүп берүү жөнүндө**

Манас шаарынын мэриясынын 11.02.2026-жылдагы №01-18/750 сандуу каты Манас шаардык депутаттар кеңешинин 11.02.2026-жылдагы курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралып, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги XXIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги Курорт участкасында жайгашкан 214,0 га мисте токоюн Кара-Алма-Урумбаш токой чарбасына мөөнөтсүз пайдаланууга өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Аталган мисте токоюн максаттуу багытында пайдалануу жагы Кара-Алма-Урумбаш токой чарбасынын жетекчисине (Анарбай у Э.) милддеттендирилсин.
3. Манас шаарынын мэрине (Э.Ормоков), Манас шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын башчысына (Ж.Бөрүкулов) мүлктөрдү өткөрүп берүүдө Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын сактоо менен иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
6. Ушул токтом Манас шаардык кеңешинин www.manas-kenesh.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**